# Машаяк

## (Куткаруучу)

Л.М. Абдалла

# Ахмед жана Хамди.

Ахмед бир мекемеге ишке орношту. Ал өзүнүн жумушунан канагаттануу албай калды деп айтуу туура эмес болоор эле, бирок ага өзүнүн жетекчилери менен иштешүү оңой болгон жок, себеби анын жетекчиси Ахмедге өзүнүн накта жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алууга мүмкүнчүлүк эч качан түзүлбөй тургандыгы тууралуу дайыма түшүнүк бере турган. Ахмед иштеген бөлүм кандайдыр бир таталыраак тапшырма аткарган учурда алардын ийгилиги жалгыз жетекчиге таандык болуу менен жетекчи дайыма көнүл борборунда калаар эле.

Ахмед бул кызматын алмаштыруу тууралуу да ойлонуп көрдү. Бирок, жумушка орношуу рыногунда катаалдык болгондуктан дал ушул учурда жакшыраак ишке орношуу оңой эмес болучу. Мындан сырткары, анын алып жаткан эмгек акысы башка жумуштарга сунуш кылынган эмгек акыларга караганда бир топ жогору эле. Ошондуктан Ахмеддин бул фирмадан кетпегендигинин бир себеби ушунда болучу. Ал өзүнүн аялын жана үч баласын багуу үчүн акча керек деген ой менен өзүн тынчтандырчу. Ахмед өзүнүн балдары, айрыкча улуу баласы Хасан менен сыймыктанаар эле. Ал университетте инженердик кесипке окуп жаткан.

Ошентип бир жолу Ахмед иштеген бөлүмдөгү абалды жакшы жакка өзгөрткөн бир окуя болду. Ахмедден бир аз жашыраак Хамди деген жигит кызматка орношту. Ал дайыма көңүлү көтөрүңкү, абдан шайыр жүрө турган жана аны менен оңой эле тил табышууга мүмкүн эле. Эң башкысы Ахмед иштеген жеринде

өзүнө жолдош тапты! Алар түштө бирге тамактанышып, жумуштан кийин да кездеше баштады. Хамди дагы үй-бүлөлүү эле жана Кудай ага эки бала жана эки кыз тартуулап, алкыштаган.

Бир аз мезгилден кийин Ахмед жана Хамди абдан жакын достордон болуп калышты жана бир-бириникине конокко бара баштады. Алар жөнөкөй эле чай ичип, маектешүүнү жакшы көрүшөөр эле. Убакыт артынан убакыт өткөнүнө карабастан, алар ар кандай темаларда сүйлөшүп отура беришчү.

Эң алгач алардын маектешүүсү негизинен иш жөнүндө болоор эле, бирок кийинчерээк алар турмуш тууралуу маанилүү маселелерди да көбүрөөк талкуулай баштады. Алар экөө тең динге өтө чоң маани берүү менен мамиле кылышаар эле, бирок алардын динге ишенүүсү ар кандай болучу. Ахмед өзү мусулман, ал эми анын эң жакшы көргөн досу Хамди Библияны такай окуп, Машаяктын (Аль-Машиих) жактоочусу эле.

Бирок, Ахмедди абдан таң калтырганы - ал Хамдини канчалык көбүрөөк биле баштоо менен анын Кудай менен болгон жашоосун жана ишенимин өзгөчө сыйлай баштаганы болду.

Мурда Ахмед үчүн такыр белгисиз болуп эсептелген анын досу менен Кудайдын ортосундагы бекем байланыш бар экендигине ынанды жана бул ачылыш анда зор кызыгууну туудурду. Хамдинин Кудай менен жашоосу түздөн-түз Машаяк менен байланыштуу экендигин Ахмед түшүндү. Кандайдыр бир түшүнүктө Ахмед дагы Машаякка ишенчү, бирок ал ишенүү башкача эле. Ахмед Мариамдын уулу Ыйса (Иса ибн Мариам) тууралуу Куранда эмне жазылса ошонун бардыгына ишенээр эле. Ал Машаякка терең таазим кылчу. Ахмед Машаяк кыз Мариамдан

(Мариам Аль-Атра) төрөлгөндүгүн, Ал Кудайдын уруксаты менен көптөгөн кереметтерди жасагандыгын жана Кудайдан Жакшы Кабарды (Аль-Инжил) алгандыгын билчү. Ошону менен бирге Ахмед Машаяктын турмушунун кээ бир эле жактарын биле тургандыгын жана Ага Куранда да аябагандай көп ат берилген Кудайдын бул улуу жигерүүчүсү (расулу) тууралуу тереңирээк билүүнү каалагандыгын түшүнчү !

Бир жолу өзүнүн кызыгуусуна шыктанган Ахмед өзүнүн эң жакшы досу Хамдиден Машаяк тууралуу кеңири сурап билүүнү чечти. Бул чечим өзү менен кошо бир топ кызыктуу маектешүүлөрдү туудурду.

# Кудайдын курман Козусу

- Мага Мариамдын уулу Ыйса тууралуу айтып берсең, - деп Ахмед досуна олуттуу кайрылды. - Мен Ал жөнүндө көбүрөөк билгим келет.

Хамда бир аз ойлонуп туруп, анан айтты:

- Эгерде сен Ыйса Машаяктын бул дүйнөгө эмне үчүн келгендигин билгиң келсе, сага ал курмандыктын негизги маанисин түшүнүү зарыл.

- Курмандык? Ал эмне? - деп сурады Ахмед.

Хамди жооп берди:

- Биз курмандыктын маанисин Ид-Аль-Атха (курмандык майрамы) мисалынан билебиз. Бул Кудай Ыбрайымдан өзүнүн баласын курмандыкка чалуусун сурагандагы окуяны эскерүү майрамы экендигин сен билесиң. Эгерде Кудай (Алла) ал баланын курмандыкка чалынуусун анын ордуна төлөнүүчү нерсе катары санабаганда Ыбрайымдын баласы менен эмне болмок?

- Исмаил өлөт эле, - деп жооп берди Ахмед.

- Курмандык кылуунун негизги мааниси мына ушунда жатат, - деди Хамди. - Бирөөнүн ордуна бирөө өлүмгө дуушар болгондугунда. Кудай ал баланын ордуна курман кылууга койду берди. Мен Ыбрайымдын уулунун абалындамын. Мен өлүмдүн бийлигинин астындамын.

- Сен муну менен эмнени айткың келет, - деди бир аз ыңгайсыздана түшкөн Ахмед. Хамди болсо абдан олуттуу жооп берди:

- Библиада (Ыйык Китепте) жазылган:

*“Күнөө үчүн жаза - өлүм.”* [1]

Менин күнөөм үчүн жаза - өлүм. Мен күнөөлүмүн. Ооба. Мен адамдардын алдында адилеттүү адамдай болуп көрүнөмүн. Мен күн сайын сыйынам, Кудайдын Сөзүн окуйм, Ага кызмат кылам. Ошондой болсо да мен Кудай алдында күнөөлүмүн. Кудай алдында жеткиленңмин дегендерден жок эле дегенде бирөө барбы? - деп сурады Хамди.

- Жок! - деди Ахмед. - Жалгыз гана Кудай жеткилең.

- Ошондуктан Кудай алдында бардыгы күнөөлүү, чынбы, - деп сурады Хамди.

- Ооба, - деп макул болду Ахмед.

- Мына мен да Ыбрайымдын уулундай - өлүм каргышынын алдындагы абалдамын. Бирок, менин күнөөм үчүн берилүүчү курмандык кайда? Балким Кудай мен үчүн дагы төлөнүп берилүүчу курмандыкты берген чыгаар? - деп Хамди суроосун улады.

Ахмед эмне айтууну чындыгында эле билген жок. Хамди улантты:

- Ыйса Машаяктын убагында жашаган Иоанн Чөмүлдүрүүчү Аны көргөн эң биринчи күнү эле айткан:

*“Мынакей, дүйнөнүн күнөөсүн көтөргөн Кудайдын курмандык Козусу!”* [2]

Ыйса Машаяк адамдын козусу болгон эмес. Ал Кудайдын Козусу болгон. Ал Кудайдан келген. Ал жогору жактан келген. Кудайдын Руху (Рух Аллах) Кыз Мариамдын (Марьям Аль-Атра) үстүнө түшүп, анын боюна бүтүп, ал эркек бала төрөдү. Сен билгендей Аны Мариамдын уулу Ыйса, Кудайдын Сөзү (Калимат Алла) жана Кудайдын Руху (Рух Алла) деп аташат. Ал таза болгон. Ал асмандан Кудайдын Козусу катары келди. Ыйса Машаяк Кудай алдында таза жана жеткилең жашоо менен жашап Кудайдын Козусу экендигин далилдеди. Ага эч качан "Улуу Кудай сенден кечирим сурайм (Астафгер Алла Аль-Азим) деп айтуунун кажети жок эле, себеби Ал чындыгында эле Кудайдын таза Козусу болгон. Ал Кудайдын Козусу болгондуктан дүйнөнүн күнөөсүн көтөргөнү келди. Ошондуктан Ал курмандыкка чалынды. Ал Өз каалоосу менен Өзүнүн өмүрүн өлүмгө кыйганда мына ушундай болду. Бирок Ал кайрадан тирилди жана тирүү бойдон асманга көтөрүлдү. Бир убактарда Ал кайрадан бул дүйнөгө келет.

Хамди бир азга унчукпады жана Ахмедге карады да:

- Мен Ыбрайымдын уулу сыяктуу өлүм бийлигинин алдындамын, - деди. Бирок Кудайдын таза Козусу Ыйса Машаяк аркылуу менин күнөөлөрүм үчүн берилген курмандык бар.

Эми бул Козу аркылуу Кудай биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечирүүнү жана бейишке (жаннат) түбөлүк өмүрдү сунуш кылат. Ыйса Машаяк Өзү менен кошо бардык адамзаттын, анын ичинде Ахмед сенин да күнөөңдү алып кеткен.

Ахмед бир топко чейин унчукпай ойлонуп отурду. Бир аз убакыттан кийин ал:

- Эгерде Ыйса Машаяк бүткүл дүйнөнүн күнөөсүн алган болсо анда мен өлбөшүм керек... Мына ушунун натыйжасында мен түбөлүк өмүргө азыр ээмин да, - деди.

- Ахмед, - деди Хамди, - сенин туулган күнүң болуп жатканда Ыйса сенин эшигиңди кагып турат дейли.Анын сага даярдаган белеги бар жана Ал сага айтат: "Ахмед, Мен сага бир белек тартуу кылайын дедим эле, ал белек күнөөнү кечирүүдөн, түбөлүк өмүрдөн жана Кудай менен ушул эле күндөрү жандуу жана түздөн-түз байланышта болуу эсептелет. Бирок ал үчүн кээ бир шарттар талап кылынат. Сен тобо кылып, өзүңдүн күнөөңдү моюнуңа алып жана сен үчүн Менин курмандыгым аркылуу кечирим алышың керек. Эгерде сен бул белекти алууну кааласаң, ал сеники, ал эми башкача жол жок."

Ахмед азыр гана уккан сөздөргө ой жүгүртүп отурду. Ал анча-мынча түйшөлгөндүктөн эмне айтаарын билбеди.

- Балким сен бул кандай таң калычтуу мисал деп ойлоп жаткандырсың, - деди Хамди. - Бирок, чындык Кудайдын кайсы бир кызматчысы Ыйса Машаяк аркылуу Кудайга карата жол жөнүндө түшүндүрүп жаткан ар бир учурда өлүмдөн тирилген Мариамдын уулу Ыйса Өзү биздин эшикти чындыгында эле ушундай деп айткан:

*" Мына, эшиктин алдында туруп эшикти кагып турам: эгерде ким Менин үнүмдү укса жана эшикти ачып койсо, Мен ага кирип аны менен бирге, ал да Мени менен бирге тамак ичет. "* [3]

Хамди улантты:

- Ыйса Машаякка эшикти ачып, Ал сени менен нан жана маегин бөлүшүү үчүн Аны өзүбүздүн жашообузга чакыруу - бул мага жана ар бир башка адамга Кудай берген белекке барабар нерсе.

- Хамди, мен сага азыр сен Ыйса Машаяк тууралуу айткандардын бардыгы мага абдан терең таасир калтыргандыгы тууралуу айтат элем, - деди Ахмед. Биздин ортобуздагы сөз тууралуу көп ойлонушум керек. Ошондой эле биздин келээрки жолугуубузда мен Ыйса Машаяк тууралуу мындан да көбүрөөк угууну каалар элем.

- Аль-саламо-алейкум (тынчтык сени менен болсун).

- Алейкум аль-салам (сенде да тынчтык болсун).

# Кудайдын Сөзү

- Мариамдын уулу Ыйса тууралуу сен мурда айтып берген нерселер мени көптөгөн ой жүгүртүүлөргө дуушар кылды, - деп Ахмед этият баштады. - Мен сени кабатыр болбойт деп ойлойм, бирок Ыйса жөнүндө маегибизди улантуудан мурда мени кызыктырган бир нече суроолорго жооп алууну каалар элем.

- Албетте, уялбай эле сурасаң болот, - деди Ахмеддин эмне жөнүндө кеп кылаарын сезген Хамди.

Ахмед акырын баштады:

- Биз мусулмандар асман китептери: Аль-Таура (Мусанын беш китеби), Аль-Забур (Дөөттүн Забурлары), Аль-Инжил (Ыйсадан Жакшы кабар) жана ыйык Куранга ишенебиз. Бирок, мени Курандан башка бардык китептер иудейлер жана христиандар тарабынан аларда жазылгандарга ишенүүгө мүмкүн эмес абалга чейин өзгөртүүлөргө дуушар болгон деп үйрөтүшкөн эле. Ошондуктан сен ишенген Ыйык Китеп (Библия) өзгөртүлгөн жана ал акыйкат бурмаланган жана калпка жык толгон китеп болуп эсептелет.

- Ал эми сен бул тууралуу кандайдыр бир тарыхый далилдерди келтире аласыңбы? - деп Хамди сурады.

Ахмед бир азга ойлонуп калды, бирок эч кандай тарыхый далилдөөсү жок таза гана талкуулоолордон башка эч качан эч нерсе укпагандыгын өзүнө таң калуу менен белгиледи.

Хамди андан ары улантты:

- Бул алдын-ала бурмалоо кайсы убакытта болгондугун жана

негизи аны кантип ишке ашырууга мүмкүн эле, ошол тууралуу мага айтып берсең?

- Жок, мен анте албайм. Мындай маанилүү суроолорго мурда мага эч ким түшүндүрмө берген эмес.

Бир азга унчукпай туруп Хамди сурады:

- Куранды бурмалоо тууралуу сен элестете аласыңбы?

- Астагфер Алла! (Ырайым кыла көр, Кудайым !), - деп Ахмед чочуп кетти. - Мындай болуу таакыр мүмкүн эмес. Мусулмандар ушундай ниет менен Куранга колун тийгизген адамды эч качан өздөрүнө кабыл алышмак эмес.

Хамди жооп берди:

- Анда эмне себептен сен бизди Библияга башкача мамиле кыла алышат деп ойлойсуң? Чыныгы ишенүүчүлөр Ыйык Жазууну өзгөртүүгө жана Библияны бурмалоого ниеттенген кайсы бир адамды өз катарына кабыл ала беришет деген ойго сен кантип бардың? Мен асманды да, жерди да жараткан ченемсиз кайрыкер, зордөөлөт касиеттүү Кудайга ишенем. Ал адамдарга Өзүнүн Сөзүн берген жана ошондой эле ал Сөздү сактап калууга кудурети жетет.

Хамди Ахмедди тике карады да, суроо узатты:

- Бардык нерселер Кудайдын эрки менен болуп жаткандыгына ишенесиңби?

- Ооба, - дедиАхмед.

Хамди андан ары улантты:

- Анда сен Кудай эң алгач бул дүйнөгө Өзүнүн Сөзүн жибергенине, андан кийин ал бурмалансын деген чечимге келди деп чындыгында эле ишенесиңби? Же Жараткан Теңирдин аны сактап калууга күчү жана бийлиги жетпей калдыбы?

- Ооба, Кудай жеке Өзүнүн Сөзүн сактап калууга албетте кудурети жетет, - деп Ахмед макул болду.

- Билесиңби, Ахмед, - деди Хамди, - Библия аябагандай кудуреттүү китеп. Ал 1400 жыл убакыттын ичинде жазылган! Библия китебине Теңирдин расулдары жана пайгамбарлары жазган Муса пайгамбардын беш китеби, Тоорат, Забур, Инжил кирет. Библия - Байыркы Осуят жана Жаңы Осуят болуп эки чоң бөлүккө бөлүнөт. Байыркы Осуят Ыйса Куткаруучу туула электе жазылган. Жаңы Осуят биринчи кылымдын ичинде, Ыйса Куткаруучу туулгандан кийин жазылган. Библия ар кайсы үч тилде жазылган.

- Кайсы тилдерде? - деп Ахмед сурап калды.

- Байыркы еврей, арамей жана грек тилдеринде, - деди Хамди. - Теңир бул сөздү бизге берүүдө ар кандай адамдарды колдонгон: кээ бирлери падышалар жана төрөлөр, ал эми калгандары мал багуучулар жана балыкчылар болушкан. Библия чындыгында эле абдан касиеттүү китеп. Себеби, ушунча узак мезгилге жана аны көптөгөн адамдар жазгандыгына карабастан бул китеп бир бүтүмдүктү түзөт. Бүткүл Библия аркылуу өткөн бир тема бар. Ал тема, Ахмед, Ыйса Машаяк тууралуу.

- Чынында эле Кудай 1400 жыл бою Ыйса Машаяк тууралуу сөз кылды беле? - деп Ахмед таң калуу менен сурады.

- Ахмед, - деп Хамди күлдү, - Кудай Ыйса Машаяк тууралуу кылым кыйырынан баштап азыркы күнгө чейин айтып келе жатат.

- Бул чындыгында эле мүмкүнбү? - деп Ахмед ишенбегендей сурады.

- Албетте. Себеби Кудайга бардыгы мүмкүн, - деди Хамди.

- Бирок, бул тууралуу эмки кездешүүдө сүйлөшө алабыз.

- Жакшы болот, мен чыдамсыздык менен күтөм, деди Ахмед.

- Аль-саламо-алейкум.

- Алейкум аль-салам.

# Кудайдын курманы

- Ыйса Машаяк бардык Библиянын эң башкы темасы болуп калышы мен үчүн абдан кызыктуу нерсе, - деди Ахмед.

- Эсиңдеби, биз Ыйса Машаяк биздин күнөөбүздү Өзүнө алган Кудайдын курман Козусу жөнүндө айтпадык беле? - деп сурады Хамди.

- Албетте, мен аны кантип эле унутуп калайын, - деди Ахмед.

- Кудай Мариамдын уулу Ыйса жаралганга чейинки тарыхый бардык мезгилдерде курмандыктар жөнүндө үйрөтүп келген, - деди Хамди.

- Кандайча? - деп сурады Ахмед.

- Мисалы, Каин (Кабиль) жана Авелдин (Хабиль) учурунда жерде канча адам жашаган? - деди Хамди.

Ахмед бул суроого таң калуу менен жооп берди:

- Төртөө: Адам, Обо (Хава), Каин жана Авель.

- Болгону төртөө гана, - деди Хамди. - Бирок алар ошондо эле Кудайга курмандык аркылуу гана тобо кылууга боло тургандыгын түшүнүшкөн. Булар аны кандайча билишкен? - деди да Хамди жана сөзүн андан ары улады.

- Себеби алар Кудай таза жана касиеттүү, ал эми адам - күнөөлүү жана өзүнүн күнөөлөрүнөн кутулуу үчүн курмандык келтирүүгө муктаж экендигин билишкен.

Нух, Ыбрайым, Муса, Дөөт пайгамбарлар, бардык апостолдор жана башка пайгамбарлар Теңирге курмандык келтирүү аркылуу табынышкан. Сен билесиңби, мен дагы Кудайга так эле ушундай

табынам.

- Жок, азыр сен жөн эле тамаша кылып жатасың, - деди Ахмед. - Сен курмандыкка чала турган койду сатып алыш үчүн базарга бара элексиң да, - деп ал күлдү.

- Мен Кудайга менин күнөөлөрүм үчүн курмандыкка келтирген Ыйса Машаяк, Кудайдын Козусу аркылуу табынам, - деди Хамди. - Бул Ыйык Китепте (Библияда) жазылган:

*"Анткени, Кудай бир, Кудай менен адамдардын элдештирүүчүсү да бир - адам болгон Ыйса Христос; бардыгынын күнөөсүн жууп куткарыш үчүн Ал Өзүн берди."* [1]

Жалгыз гана бир Кудай жана Аны менен адамдардын ортосунда бир гана элдештирүүчү Өзүн бардыгыбыз үчүн, анын ичинде сен үчүн да, Ахмед, өмүрүн берген Ыйса Машаяк эсептелет.

- Мен сени түшүнө баштадым окшойт. Бирок, толук сүрөттү алыш үчүн мага өтө тыкаттык түшүнүк керек, - деди Ахмед азыр эле уккандардын үстүнөн ой жүгүртүү менен.

Хамди бир азга ойлонуп туруп, сөз учугун улады:

- Кудай курмандыктын тарыхтагы маанисин жана маңызын айрыкча Муса аркылуу Тооратта (Мусанын беш китеби) ачып берген. Күнөө үчүн бериле турган курмандыктын мааниси тууралуу мыйзамдын катардагы окутуусу (шариат) Ыйык Жазуунун төмөнкү сөздөрүнөн алынса керек:

*"Деги, бардык дээрлик нерселер мыйзам боюнча кан менен тазаланат, жана кан төгүлбөй кечирим болбойт."* [2]

- Бирок, курмандыктар жөнүндөгү бардык окуулар эмне себептен Мариамдын уулу Ыйса менен байланыштуу? - деп Ахмед кызыкты.

- Ал мындайча, - деди Хамди. Курмандыктын мааниси тууралуу окуу менен катар пайгамбарлар Ыйса Машаяк жөнүндө бир жооп ар кандай пайгамбарчылыктарды айтышкан. Мына ошол пайгамбарчылыктардын арасында Ыйса Машаяк бул дүйнөгө келген. Ал биздин күнөөлөрүбүз үчүн Өзүн өлүмгө дуушар кыла тургандыгы айтылган.

Хамди Библияны алып чыгып, ачты да Ахмедге көрсөттү:

- Ыйса Машаяктын курмандыгы тууралуу кандай жазылгандыгы тууралуу өзүң карап жакшылап оку. Муну Ыйса Машаяк келээрге чейин 700 жыл мурда Исайя пайгамбар жазган:

*"Бирок Ал биздин алсыздыгыбызды өзүнө жүктөп алды, жана биздин оору-дартыбызды көтөрдү; биз болсо, Аны Кудай кемсинтип, жазалап, уруп жарадар кылып койгон экен деп ойлодук. Бирок Ал биздин күнөөлөрүбүз үчүн жарадар болгон, биздин мыйзамсыздыгыбыз үчүн кыйноо чекти; бизге тынчтык болсун үчүн, жаза Ага тийген, жана Анын жарааттарынан биз сакайып чыктык. Биз баарыбыз адашкан койлордой болуп, ар кимибиз өз жолубуз менен кеттик; жана баарыбыздын күнөөлөрүбүздү Теңир Анын мойнуна жүктөдү. Ага катаал мамиле кылышкан, бирок өз ыктыяры менен кыйналды, Өз оозун ачкан да жок; Ал сойгону жетелеп келген кой сыяктуу, жана кыркмачынын алдында үнсүз козу сыяктуу, Ал Өз оозун ачкан*

*жок.”* [3]

Пайгамбарчылык сөз аркылуу терең таасир алган Ахмед таң калуу менен мындай деди:

- Чын эле мунун бардыгы Мариамдын уулу Ыйса төрөлө электен көптөгөн кылымдар мурда эле жазылганбы?

- Албетте, - деди Хамди, - жана пайгамбарчылык сөзгө ылайык Ыйса Машаяк Дөөт пайгамбардын тукумунан чыгыш керек эле. Ыйса Машаяктан1000 жыл мурда жашаган Дөөт өзүнүн келечектеги тукуму - Ыйса Машаяктын айкаш жыгачка керилүүсүн абдан туура жазган. Сен билесиң айкаш жыгачка керүү жазалоонун эң эле жай жана кыйналуучу түрү болгон. Бир аз убакыттан кийин керилүүгө дуушар болгон адамдардын сөөктөрү аңтарылып, алар абдан оор суусоодон кыйналышкан. Дөөт пайгамбар мындай жазат:

*“Суу куйгандай төгүлдүм, сөөктөрүм быркырап, желим болуп көрүндүм, жүрөк түшүп зыркырап, майда-майда болуп бөлүндүм. Күч-кубатым шалдайды карападай быркырап, тилим бүтөп таңдайды алкымыма тыгылды, чын көрсөттүң өлүмдү, үнүм чыкпай буулду. Курчап алып дөбөттөр кутургандай тооруду, колу-бутум теше сайып, каардуулар тобу кордоду. Он эки мүчөм ажырап, сөөктөрүм саналат, алар мени шакабалап, карап турат шынаарлап. Сырт кийимим үчүн кара көтөн кармашып, кийимимди бөлүп жатышат.”* [4]

Дөөт жашаган мезгилдерде жазалоонун бул түрү такыр колдонулбаса да мындай сүрөттөмө ушунчалык туура жазылган.

Мындай жазалоо бир топ мезгил кийинирээк, римдиктер тарабынан Ыйса Машаяктын тушунда колдонулган.

- Менин түшүнүгүм боюнча мына ушул алдын-ала айтылган нерселердин бардыгы Мариамдын уулу Ыйса аркылуу ишке ашты деп айтаарыңды сезип турам.

- Ооба, ал гана эмес, дагы бир жооп пайгамбардыктар Мариамдын уулу Ыйсада аткарылды, - деди Хамди. - Кээ бир учурларда Ыйса Машаяк Ал бул дүйнөнүн күнөөсүн Өз мойнуна алып кете тургандыгы тууралуу же Өзү жөнүндө Өзү айткандай:

*"Анткени, Адам Уулу Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн келген эмес, бирок Өзү кызмат кылуу үчүн, жана Өз жанын кыйып, көп адамдарды куткаруу үчүн келген."* [5]

- Ахмед, курмандык тууралуу Кудайдын окуусу бүткүл Библия аркылуу өтүп бардыгы Ыйса Машаякта аткарылаарын эми сен өзүң билесиң.

- Хамди, - деди Ахмед, - мен мурда бул жөнүндө такыр уккан эмесмин. Бул абдан кызыктуу болду. Алардын бардыгына ой жүгүртүп талдоо үчүн мага дагы убакыт керек. Бирок сен кабатырланба, мен жакында кайра келем жана менде көптөгөн жаңы суроолор болот.

- Бул Библияны менден белек катары кабыл ал, - деди Хамди. Жаңы Осуяттан башта. Ал жерден сен Ыйса Машаяктын өмүрү, Анын жасаган укмуштуудай кереметтери жана окуусу жөнүндө айтылат.

- Чоң рахмат, - деди Ахмед сүйүнө. Мен "Китеп адамдары"

жөнүндө көп уккам, бирок китептин өзүн мурда эч качан окуган эмесмин. Мен чындыгында эле Ыйсанын кереметтери жана окуусу тууралуу окуп билгим келет.

- Аль-саламо-алейкум.

- Алейкум аль-салам.

# Күнөө

- Хамди, - деп Ахмед жайбаракат баштады. Билесиңби, мен Ыйса тууралуу, бардык адамзатты күнөөдөн арылтуу үчүн Өзүнүн өмүрүн бергендиги тууралуу биздин акыркы жолугушуубуздан бери ойлонуп жатам. Бирок мен түшүнөйүн деген бир нерсе бар - ал күнөө кайдан келип чыгаары жөнүндө? Эмне себептен бардык адамдарда күнөө түйшүгү бар? Сен мага ушуну түшүндүрүп бере аласыңбы? - деп Ахмед өтө олуттуу сурады.

- Түшүндүрө алам го деп ойлойм, - деди Хамди. - Бирок биз эң алгач күнөө кайдан келип чыкканын түшүнүшүбүз керек.

Тооратта (Мусанын беш китеби) биз Теңир дүйнөнү жана адамзатты жаратκандан кийин адамды бейишке жайгаштырганы тууралуу окуйбуз. Бейиште адам толугу менен таза болуп Кудай менен бир гармонияда жашаган.Бирок, бейиштеги жашоону бузган бир окуя болгонун сен билесиң. Эмне болду эле, Ахмед?

- Шайтан келип, баарын бузган, - деди Ахмед.

- Туптуура! - деди Хамди. - Теңир адамга жакшылык менен жамандыкты билдире турган дарактын жемишин жээгө тыюу салган жана Адамга мындай деп айткан:

*“Жана Кудай Теңир адамга насаат айтты: бактагы жемиштердин ар түрүнөн жейсиң; ал эми жакшылык менен жамандыкты билдире турган дарактан жебе; анткени андан даам татсаң өлөсүң.”* [1]

Бирок шайтан жылан болуп келип Адамды жана Обону азгырды. Алар Кудай Теңирдин айтканын угушпай дарактын жемишин жеп алышты. Бул адамзат үчүн эң жаман кесепеттерге алып келди - ошол мезгилден баштап күнөө адамга кирди да анын бир бөлүгү болуп калды. Мына ушул себептен бардык адамдар күнөөгө батты.

- Сен чын эле бардык адамдар күнөөлүү деп ойлойсуңбу? - деди Ахмед шектүү. - Мага муну кабылалуу жеңил эмес. Кандайча алардын бардыгы күнөөлүү болуп калышсын?

- Ал жакшылык менен жамандыктын так өзү болду, - деди Хамди.

- Ал жакшылык менен жамандыктын таң калгыдай кошундусуна айланды. Кээ бир учурда бир эле адам абдан жакшы жана акыйкат иштерди жасайт да анан кайра эң жаман калп ишке барат же жакынынын оокатын өзүнө тийиштүү кылып алат. Бир жагынан адам сүймөнчүктүү жана камкорчул, ал эми экинчи жагынан өзүмчүл, көрө албас, ар кандай ыплас нерселерге жакын болот.

- Ахмед сен айткандай бул бардыгы жана ар кимдеги түйшүк болуп эсептелет. Бардык диний агымдар бул проблеманы чечүүгө аракет жасашат, бардык мамлекеттер ар кандай күнөөлөрдү азайтуу үчүн мыйзамдарды кабыл алып жатышат. Бирок баарынан кейиштүүсү адам күнөө жасагандан күнөөлүү эмес, тескерисинче ал күнөөлүү болгону үчүн күнөө жасайт. Бул күнөө жана жамандык чыгарган кичинекей фабрика ар бир адамда бар болгондой түшүнүктү берет. Же андай эмеспи? - деп сурады Хамди Ахмедди өтө кунт коюу менен карап.

- Тилекке каршы, сен адам жөнүндө эң туура айтканыңа макул

болуга туура келүүдө. Ал чындыгында эле жакшы менен жаманчылыктын кандайдыр бир таң калычтуудай кошундусу, - деп жооп берди Ахмед. - Ал эми бул жерде шайтандын кандай тиешеси бар?

- Күнөө аркылуу шайтан адам жашоосунун жана бүтүндөй коомдун үстүнөн бийлик алды, - деди Хамди.

- Качандыр бир убакта Адам менен Обону алдагандай, ал бүгүнкү күнү да ошонусун улантууда. Ал адамдар күнөө жасоосун уланта берүүсүн көксөп, аларды адатынча эле азгырыкка малындырууда. Ошентип шайтан күнөө аркылуу биздин турмушубузга бийлик жүргүзүүдө. Себеби, күнөө бизди Кудайдан алыстатат. Ушул күнөөнүн кесепетинен дүйнө азыркы коогаландуу шарттарга келип жетти.

Теңир бардыгын эң жакшы кылып жараткан, бирок адам баласы бул дүйнөгө көптөгөн жамандыкты алып келди, маселен, элдер ортосундагы согуштар, бири-бирин басмырлоо жана мындан башка адамдын жердеги жашоосун кыйратууга алып келген көптөгөн ар кандай жаман нерселер болуп эсептелет.

- Иш жүзүндө Кудай бизди таптакыр башкача кылып жараткан, ал эми дүйнөнүн азыркы абалы бул Адамдын күнөөсүнүн кесепети деп айткың барбы? - деп сурады Ахмед.

- Албетте, - деди Хамди. - Күнөө адам баласына атабыз Адам аркылуу кирген. Ал жөнүндө мындай деп жазылган:

*"Ошентип, бир адам аркылуу күнөө дүйнөгө кандай кирсе, жана күнөө аркылуу өлүм кирсе, ошондой эле өлүм бардык адамдарга өттү, себеби баары күнөө кетирген."* [2]

Күнөөнүн саркындысынын эң жаманы болуп денелик жана рухий өлүм эсептелет.

- Денелик жана рухийлик? - деп таң калуу менен Ахмед сурады. - Рухий өлүм деген эмне?

- Теңир Кудай адамга айткан, эгерде кимде-ким жемишти жесе, ал сөзсүз "өлүм менен өлөт", - деп жооп берди Хамди. - Жана Теңир акыйкат болгондуктан Өзүнүн айткан сөзүн так аткарат, адамзат өлүмгө дуушар болуп ошол күндөн баштап ар бир киши эртеби же кечпи өлүмгө кириптер болот. Ошондой эле адам күнөө кетиргенде ал рухий жагынан да өлгөн.

- Бул кандайча? - деп сурады Ахмед.

- Күнөөнүн кесепетинен адам баласы бейиштен куулуп чыкты, - деди Хамди. Ал Теңир Кудай менен таза, толук жетик мамиледе жашаган жеринен куулуп чыкты. Адам өзүнүн күнөөсүнүн кесепетинен рухий жагынан өлүп, тирүү жана ыйык Кудайдан бөлүнүп калды. Мына ушул күнөөнүн азабынан адам Кудай менен эң жакын карым-катнашсыз жашап калды. Теңир Кудай таза жана ыйык болгондуктан Ал күнөө менен эч кандай байланышы болбойт жана мына ушул себептен бизди күнөөнүн бардык залалдарынан сактап кала турган Куткаруучу керек.

- Ахмед, сенин күнөөлөрүңдүн бардыгы жазылып кала тургандыгына сен ишенесиң да?

Бир аз тынчсызданган Ахмед мындай деди:

- Мен андай жазууну ар бир адамды коштоп жүргөн эки периште жүргүзөөрүн билем.

- Кудай биз жөнүндө бардыгын билет, - улантты Хамди. Ар бир жакшы жана жаман аракеттерибиз, ар бир сөз, ар бир ой,

ар бир максатыбыздын бардыгы ага маалим. Булардын бардыгы Теңирде жазылуу. Сотто күнү сенин иштериң кандай бааланаары тууралуу сен билесиңби?

- Жок, аны жалгыз гана Теңир билет, - деди Ахмед акырын.

- Кудай сени сүйөт, Ахмед. Кудайдын курман Козусу, Мариамдын уулу Ыйса биздин күнөөбүздүн бардыгын Өзү алып кеткени эсиңде болсун. Ал бардыгы үчүн берилген кечирим, - деди Хамди.

Ахмед бир аз ойлонуп турду, анан мындай деди:

- Эгерде Ыйса Машаяк ушундай эле маанилүү болсо, эмне үчүн Адам жана Обо Ал жөнүндө угушкан эмес.

- Ал Ыйса Машаяк тууралуу алар угушкан десем сен ишенет белең? - деди Хамди.

- Жок, Адам менен Обо Ал жөнүндо угушкан деп айтуу такыр мүмкүн эмес, - деди таң калычтуу Ахмед.

- Кудай адамды сүйөт жана аны менен эң жакын мамиледе болууну каалайт. - Мына ошондуктан Ал Ыйса Машаяк тууралуу эң башында эле айта баштаган. Ошол мезгилдеги Адам жана Обо менен болгон эң кайгылуу окуянын учурунда аларга кийинчерээк бир абдан жакшы күнү куткаруучу келип, шайтандын адамдын үстүнөн болгон бийлигин талкалай тургандыгы тууралуу аларга убада берилген эле. Теңир Кудай бул жөнүндө шайтанга айткан, ал эми аны Адам менен Обо угушкан:

*"Жана сени менен аял арасын кас кылам, сенин тукумуң менен анын тукумун өч кылам; ал сенин башыңды жанчат, сен анын согончогун чагасың."* [3]

Библиянын бардык жазуусунда балдар - Ибрайымдын уулу, Жакыптын уулу деп атанын аты менен аталган, бирок бул жерде “аялдын уругу” тууралуу жазылат. Күндөрдүн бир күнүндө атасы жок, аялдын гана уулу болгон Кимдир бирөө келет. Шайтан жылан болуп аны “согончогуна” чагып өлтүрүүгө аракет кылса да, Ал шайтандын адамдын үстүнөн болгон бийлигин талкалайт.

Бул адамзаттын күнөөсүн Өз мойнуна алып, курмандыкка чалынууга келген Мариамдын уулу Ыйса менен болгон окуялардын бардыгынын накта сүрөттөмөсү.

- Бул эң жакшы нерсе, - деди Ахмед. Теңир Кудай алгачкы күндөн баштап эле адамдарга Куткаруучу жөнүндө айтып келгени абдан жакшы. Бул болсо Ыйса Машаяк Библияда айтылгандардын эң башкысы экендиги тууралуу далилдейт. Хамди, сен биздин эмки жолку кездешүүбүзгө чейинки мен ойлоно турган көптөгөн ойлорду бердиң.

- Аль-саламо-алейкум.

- Алейкум аль-салам.

# Ибрайымдын уулу

- Сен Инжил тууралуу кандай оюң бар экендигин билүү мен үчүн абдан кызыктуу, - деди Ахмед.

- Бул чындыгында эле абдан кызыктуу китеп, - деди Ахмед чын ниеттен. - Мындай кызыктуу нерсени эч качан окуган эмес элем, Ыйса Машаяктын ыйык кереметтери тууралуу окуп билүү абдан кызыктуу, ал эми Анын Тоодогу үгүтү баа жеткис. Бул окууда аябагандай тунуктук жана тереңдик бар. Ал көптөгөн түшүнүктөрдү томкоруштурду. Маселен, Ал душмандарды сүйүүгө, куугунтуктагандар үчүн сыйынууга үйрөткөн.

Анын сыйынуу тууралуу окутуусу мен мурда угуп-билгендерден такыр башкача айырмаланат. Бул китеп мага аябагандай таасир калтыргандыгын айтуум керек. Ошону менен бирге менде мурда алган жоопторумдан да азыр көптөгөн суроолор пайда болду.

- Оо, бул абдан кызыктуу, - деп күлө жооп берди Хамди. Анда сени кызыктырган биринчи эле суроодон баштайлыбы?

- Өзүң бил, - деди Ахмед. - Ошентип, Инжил эмне себептен Ибрайымдан башталып Дөөт аркылуу Ыйса Машаякка чейинки ата тектин тизмегинен башталат?

Хамди бир аз ойлонуп туруп, жооп берди:

- Биз мурда Библия - бул бир бүтүмдүк жана ал китепти башынан аягына чейин камтыган бир тема бар экендиги тууралуу сүйлөшкөнүбүз эсинде чыгар?

- Ооба, менин эсимде, - деди Ахмед.

- Жана ал эмне экендиги да эсиңдеби?

- Ыйса Машаяк, - деди Ахмед.

- Сенин суроондун жообу мына ушул тема менен байланышкан, - деди Хамди. - Пайгамбарлыкка ылайык Машаяк Ыбрайымдын уулу жана Дөөттүн уулу болушу керек.

Ахмед бир аз убакытка Хамди азыр эле айткан сөзгө ой жүгүрттү да, андан соң сөз учугун улады:

- Ооба, бул абдан кызыктуу болду, балким сен пайгамбарчылык тууралуу дагы бир жолу жана кененирээк түшүндүрүп берерсиң?

Бир аз күтө Хамди өз сөзүн баштады:

- Бир күнү, мындан 4000 жыл мурда Кудай азыр Теңирдин досу деп аталып жүргөн Ибрайымга кайрылды. Ибрайымга Кудай бир убада берди. Ал Ибрайымга айткан сөз бардык адамзат үчүн улуу өзгөрүштөрдөн болмок.Тоораттан биз төмөнкүчө окуйбуз:

*"Жана Теңир Ибрайымге мындай деди: өз жериңен, туугандарыңан, атаңдын үйүнөн бөлүнүп, бөлөк жерге бар, ал жерди сага Мен көрсөтүп берем. Жана Мен сенин тукумуңан улуу эл чыгарам, сени алкап, атыңды даңазалайм, сен эл алкышы болосуң. Сени алкаганды Мен алкайм, сени каргаганды Мен каргайм; жердеги мүлдө уруулар сен аркылуу алкоо алат."* [1]

Кудай Теңир өзүнө эчактан бери эле үйлөнгөн, бирок балдары жок адамды чакырып алды. Кудай Теңир ага жер берем, жана андан улуу эл чыгарам деп убада кылды, жана сенин атыңды белгилүү кылып, даңазалайм деп айтты. Бул бардык убадалардын эң кызыктуусу Теңир Кудай Ибрайым аркылуу бардык элдерди алкай тургандыгы жөнүндөгү акыркы убадасы болуп эсептелет.

Бул убадада Ыйса Машаяк Ибрайымдын уулу болушу жана Ал аркылуу Кудай бүткүл дүйнөнү алкоосу керек болучу.

- Бирок, бул осуят Ыйса Машаякка же дагы бир башкага берилгендигин сен кайдан билесиң? - деп сурады Ахмед.

- Бул Тооратты андан ары окуй баштаганда түшүнүктүү болот, - деп жооп берди Хамди. - Бир аз мезгилден соң Ибрайым эки балалуу болду - биринчиси өзүнүн аялы Сарадан, экинчиси Саранын кызматчысы Атардан (Хаджар). Анын аты Исмаил эле. Бирок Теңир Исмаилди алкаган менен Ибрайымга Исаак төрөлөөрдүн алдында эле Ыйса Машаяк тууралуу осуят Исаак аркылуу ишке аша тургандыгын ачыктан-ачык эле айткан. Кудай мындай деген:

*“Так эле сенин аялың Сара сага уул төрөйт, жана сен ага Исаак деп ат коесуң; жана Мен ага, анын андан кийинки тукумдарына түбөлүктүү осуятымды калтырууну насыят кыламын. Жана Мен Измайил жөнүндө да сени уктум: мына, Мен аны алкайм, аны аябай көбөйтүп, тукумдатам; андан он эки мырза төрөлөт; Мен андан улуу эл жаратам. Бирок Мен Исакка осуятымды калтырам.”* [2]

- Ооба, Кудай батасын берген Исмайыл бизге, арабдарга ата болуп калды, - деди Ахмед. - Бирок, биз мусулмандар Теңир Исактын тукумунан көптөгөн апостолдорду жана пайгамбарларды жибергендигин билебиз.

Хамди улантты:

- Исактын Исав жана Жакып деген эки уулу болгон. Убада

кылынган Машаяк Жакыптын тукумунан келээрин Кудай анын түшүнө кирип көрсөткөн жана мындай деп айткан:

*"Мен Теңирмин, атаң Ибрайым менен Исактын Кудайымын. Сен жаткан жерди Мен сага жана сенин укум-тукумуңа берем. Жана укум-тукумуң жер кумундай сансыз болот; деңизге тарайт, чыгыш менен түндүккө, түштүккө тарайт; жер жүзүнүн уруулары сен аркылуу, сенин укум-тукумуң аркылуу алкыш алат."* [3]

- Баарынан таң калыштуусу бул сөздү Кудай Жакыпка айтып жатканда Ал мурда Ибрайымга берилген бардык убадаларын сөзмө-сөз кайталаган.

- Бул иш жүзүндө укумдан-тукумга берилген бир эле убада болуп эсептелген. Бирок, Ахмед сен өзүң көрүп тургандай Теңир бардык элдерди Жакыптын гана тукуму аркылуу батасын бергиси келген.

- Мен Ыйса Машаяк кайра эле Библиянын башкы темасы болуп калды го деп шектенүүдөмүн, - деди Ахмед.

- Туптуура, - деп макул болду Хамди. - Так ошол Израилдин балдарынын арасында көптөгөн үй-бүлөлөр болгон. Кудай Машаяк кайсы үй-бүлөдөн же уруудан чыга тургандыгын ачып бергенби деген суроо туулат. Теңир Дөөттү тандап алган жана аны менен келишим түзгөн. Көптөгөн пайгамбарчылык аркылуу Теңир Машаяк Дөөттүн тукумунан чыга тургандыгын ачып берген. Дөөттүн эки жүз жылдан ашык убакыт кийин жашаган Исайя пайгамбар Иессей уруусун кыйылган бакка окшоштурган. Айтмакчы, Дөөттүн атасынын аты Иессей болгон. Мына ушул

үй-бүлөдөн Теңирдин Руху конгон чыгат деп айткан Исайя. Ал жардыларга чындык алып келет, Ал так эле бейиштегидей падышачылык түзөт, жана ал падышачылыкта бардыгы Теңирдин үнүн таанып билишет. Исайя мындай деп жатат:

*"Ошондо Иессейдин тамырынан жан бутак пайда болот, жана анын тамырынан жан өсүп жайылат. Жана Ага Теңирдин Руху келип конот ... Ал жардыларга чындык менен карайт жана жерде азап чеккендердин ишин акыйкат менен чечет... Жана ошол күнү мындай болот: эл үчүн туу сыяктуу боло турган Иессейдин тамырына бутпарастар кайрылышат, анын тынчтыгы даңкка бөлөнөт."* [4]

- Менин түшүнүгүм туура болду бекен, ошону байкап көрөлүчү, - деди Ахмед. - Ошентип Машаяк Ибрайымдын, Исактын, Жакыптын жана Дөөттүн тукумунан боло тургандыгын Кудай ачып берген турбайбы.

- Так ошондой, - деп Хамди жайдары күлдү. Жана биз Инжилди окуганда Ыйса Машаяк айтылган пайгамбарчылыктарга жараша төрөлгөндөгүн көрөбүз. Мына ошондуктан Инжил Ыйса Машаяк Ибрайымдын жана Дөөттүн уулу экендигин көрсөткөн тукум улантуучулуктуу баяндоодон башталат.

- Библиянын эң негизги темасы дагы бир жолу аныкталгандай ал Мариамдын уулу Ыйса болуп эсептелет, - деди Ахмед. - Бирок, менде дагы эле болсо чече албай жаткан түмөнтуркүн суроолор бар экендигин сен билип жаткандыгына мен ишенем жана алар менен мен эмдиги кездешүүгө чейин күтө турайын.

- Аль-саламо-алейкум.
- Алейкум аль-салам.

# Кудай бир

- Сен азыр эмнени көрүп жатасың? - деди Ахмед, колунун үч манжасын көрсөтүп.

- Бир колдун үч манжасын көрүп жатам, - деди Ахмеддин эмне айтаарын сезген Хамди күлө.

- Хамди, - деп улантты Ахмед, - сен Кудай бир же үчөө деп эсептейсиңби?

- Балким сага менин ишенимим тууралуу аягына чейин түшүнүү оңой эместир, - деди Хамди, - бирок сен мен ыйык, кереметтүү, баарынан күчтүү асманды, жерди жараткан жалгыз Кудайга ишене тургандыгымды түшүнүшүң керек.

- Бирок Кудай бир эле мезгилде үчилтик жана бирөө боло албайт да, - деп Ахмед өтө олуттуу билдирди да, кайрадан үч манжасын көтөрүп кошумчалады:

- Ал бир эмес, 1+1+1=3 болуп эсептелет.

- Сен канча Ахмедди элестетесиң, бирөөнү же экөөнүбү? - деп сурады Хамди.

- Албетте, бирөөнү, - деди Ахмед.

- Бирок Кудай сени денең жана рухуң менен жараткан, - деди Хамди. - Сенин денең - бул Ахмед?

- Албетте, - деди Ахмед.

- Ал эми сенин рухун да Ахмедби? - деп суроо салды Хамди.

- Ооба, - деди досу эмне жөнүндө айтаарын түшүнө баштаган Ахмед.

Хамди андан ары улантты:

Эгерде Кудай биздин ар бирибизди бир кишиде эки кылып жараткан соң, Теңир бирөөндө үчилтик болууга кантип мүмкүн болбосун?

Бир аз убакыттан кийин Хамди дагы улантты:

- Айталы, Теңир - бул бир бүтүмдүк, Ал Өзүн үч тараптан көрсөтө алган Бирдик - себеби 1x1x1 канча болот?

- Бир, - деп Ахмед акырын айтты. - Бирок, Мариамдын уулу Ыйса Кудайдын баласы эмес эле болгону адам гана эмеспи, - деп Ахмед Хамдини кунт коюп карады. - Сен кандай деп ойлойсуң - Ыйса Машаяк Кудайдын уулубу?

- А сен кандай деп ойлойсуң? - деди Хамди.

- Менде толук ишеним жок, - деди Ахмед. - Бирок, сен Теңир Кыз Мариам менен денелик катнашта болгон жана ошонун натыйжасында алар уулдуу болушкан деген имишке ишенет окшойсуң.

- Теңир, ырайым кыла көр, - деп чочуп кетти Хамди. - Мен мындай болгон деп такыр эсептебейм жана Ыйса Машаяк жактоочуларынан мындай имишке ишенген бир да адамды билбейм.

Ахмед эң күчтүү таңкалуу менен сурады:

- Анда сен эмнеге ишенесиң?

- Мен Кудай түбөлүктүү жана Ал бир нерсе жаралгандан мурда эле түбөлүктө жашагандыгына ишенем, - деди Хамди. - Качан Инжил Ыйса Машаяк ким экендигин түшүндүргөндө ал Анын бул дүйнөгө жаралганынан баштап эмес, Инжил Кудай дүйнөнү жаратканда мурда түбөлүктүүлүктөн башталат. Инжилде мындай деп жазылат:

*"Башталышта Сөз болгон, ал Сөз Кудайда болгон жана Сөздүн Өзү Кудай болгон. Сөз адегенде Кудайда болгон. Ал аркылуу баары башталды да эмне башталса, Ансыз башталган эмес. Анын ичинде өмүр болгон..."* [1]

Кудай дүйнөнү сөз аркылуу жараткандыгы чындык эмеспи?

- Ооба, ал чындык. Кудай айткан: болсун деп! Жана болуп калган, - деп жооп берди Ахмед.

- Ошентип Теңир дүйнөнү Өзүнүн Сөзү менен жараткан, - деди Хамди жана Кудайдан чыккан бул Сөз Теңирдин бир бөлүгү болуп жана Кудайдын жаратуучу күчү аркылуу ишке ашып, жана бул Сөз кайсы тарапка багышталбасын ал жерде өмүрдүн ар кандай формалары пайда болгон.

- Ооба, мен буга макулмун, бирок "Сөздүн Өзү Кудай болгон" деген айтымдын анык мааниси кандай? - деп сурады Хамди.

- Эгерде мен, маселен, сотто күбө болсом, мени менин сөздөрүмдөн эч ким бөлө алмак эмес, - деп Хамди жооп берди. - Менин сөздөрүм мени күбөлөндүрмөк жана менин бир бөлүгүм болуп эсептелмек. Биз азыр отуруп сүйлөшүп жатканда биздин сөздөрүбүз биздин бөлүгүбүз болуп саналат жана биз өзүбүздүн сөзүбүз менен өкүл боло алабыз. Качан Кудай ааламды жаратканда Ал айткан сөз Аны менен бирге болгон; сен Кудайды Анын сөзүнөн эч бөлө албайсың. Бул Кудайдын түбөлүктүү Сөзү Аны менен бир жана Анын бардык сапаттарын алып жүрөт. Ал Инжилде жазылгандай Мариамдын уулу Ыйса аркылуу келген:

*"Сөз дене (адам) болду жана ырайымга жана чындыкка толуп*

*биздин арабызда жашап турду; биз Атагын, Атанын тубаса ынтымакташ (жалгыз) Уулунун атагын көрдүк."* [2]

Хамди андан ары улады:

- Кудай Өзү жөнүндө эмнени айтса, Анын бардык сапаттары Ыйса Машаяк аркылуу келди.

- Кудай ыйык. Адамдар качан Ыйса Машаяктын ыйыктыгын көргөндө, алар Андан Кудайдын ыйыктыгын көрүшкөн.

- Кудай - бул сүйүү. Адамдар качан Ыйса Машаяктын адамдарды сүйгөнүн көргөндө, алар Андан Кудайдын сүйүүсүн көрүшкөн.

- Бардык күч жана бийлик Кудайда. Качан Ыйса суунун үстү менен басып, күчтүү шамалдарды катуулатып жана кайра акырындатып, нанды көбөйтүп, сокурларды айыктырып, өлгөндөрдү тирилткенин көргөндө алар Ал аркылуу көрсөтүлгөн Кудайдын күчүн, бийлигин жана даңкын көрүшкөн.

- Эгерде Кудай Өзүн бир эле киши менен чектелген болсо, Ал кандайча бардык жерде болгон болуп эсептелет? - деп Ахмед өз оюнан кайткан жок. - Эмне Кудай Ыйса Машаякта болгондо, Ал ааламды башкаруусун кандайдыр бир убакытка таштап кеткенби?

- Ахмед, -деди Хамди, - биз аяк-чеги жок океандабыз деп элестетели; биз океанга стаканды салып суу сузуп алдык дейли. Эгерде биз суунун анализин текшерип көрсөк биз стакандагы суунун сапаты океандагыдан эч айырмаланбаганын билебиз. Ыйса Машаяк менен да дал ушундай. Түбөлүктүү эң жогорку дараметтүү Кудай бардык жерде болот жана ошол эле мезгилде Ал Өзүн ошол эле сапаттар жана бийлик менен Ыйса Машаякта

көрсөтө алат. Бирок ошону менен бирге Кудай Өзүн Ыйса Машаякта көрсөтүү менен Өзүн чектеген жок. Ал мурдагыдай эле чексиз.

- Бирок Кудай Өзүн адамдык сапатта көрсөтө албайт да, - деди Ахмед.

- Биз Теңирди кантип чектей алабыз? - деп сурады Хамди. - Биз эң күчтүү Теңирди Ал "анте албайт" деп кантип айта алабыз. Ал эмне бардыгын жасай албайбы?

- Ооба, албетте Ал бардыгын жасай алат, - деди Ахмед. Бирок Ал Өзү киши болуп келген деген түшүнүккө ишенбейм.

- Бул проблема Кудай эмес, биз үчүн экендигине макул болгондугубузга дагы жакшы. Себеби Ал эмне кааласа бардыгын жасай алат, - деди Хамди. - Эгерде сен муну мурда билбегендиктен айтсаң, Кудай Муса пайгамбар менен күйүп жаткан чырпык болуп келип сүйлөшкөндүгү тууралуу уксаң эмне дээр элең?

Ахмед бир аз ойлонуп туруп өзүнүн ойлоруна жылмайды - ал Кудай үчүн чырпыкка караганда адам болуп келиш анча деле оор нерсе эмес экендигин ал түшүндү.

Хамди андан ары улады:

- Ахмед, бир азга ойлончу - "Кудайдын Сөзү" жана "Кудайдын Руху" деп аталып жүргөн ким?

Жада калса Кудайдын Руху Кудай менен бирге. Гавриил периште айткандай, Кудайдын Руху Кыз Мариамга конуп, анын боюна болуп, ал Ыйса Машаякты төрөгөндүгү тууралуу биз билебиз:

*"Сенин үстүңө Ыйык Рух келип конот жана Эң Жогоркунун*

*кудурети сени көкөлөтүп турат; ошондуктан төрөлө турган Ыйык Персзент да Кудайдын Уулу деп аталат.”* [3]

Маселе дүйнөгө ушундай мүнөздө келген ким - маселе мына ушунда?

- Ахмед, Ыйса Машаяктын убагында сен дарыгер болчу элең жана сага Анын туулгандыгы тууралуу күбөлүктү жазып берүүгө туура келди деп элестетели. Сен аны ким деп жазмаксың? Сен кандай атты белгилеп коет элең?

- Балким мен “Мариамдын уулу Ыйса” деп жазмакмын, - деди Ахмед.

- Ал эми энесинин атычы? - деп сурады Хамди.

- Ал Кыз Мариам деп аталат эле, - деди Ахмед.

- Жана аягында бизге анын атасынын атын жазууга туура келди дейли, - деп Хамди жылмайды.

- Анын атасы болгон эмес да, - деп жооп берди Ахмед дагы жылмая.

- Биз бул жерге сызык деле чийип койсок болмок, себеби Анын жерде атасы болгон эмес, - деди Хамди. - Же болбосо, биз өзүбүздөн Ал кайдан келди деп сурайт элек? Кудайдын Руху жана Кудайдын Сөзү деп аталгандын жаралышы кайдан? Асмандан келген чындыгында эле Ким болуп эсептелет? Ал Өзү мындай дейт:

*“Анткени ким асмандан түшүп келген, дүйнөгө өмүр берсе, Ошол Кудайдын наны экен... Мен өмүрдүн наны экенмин; Мага ким келсе, ачка болбойт жана Мага ким ишенсе, эч качан суусабайт.”* [4]

- Ахмед, Ал бардык адамзат үчүн өзүнүн денесин курмандыкка берүү үчүн келген. Жөнөкөй эле нан жеген ар ким өзүнүн денедеги жашоосун тоюндурат жана багат. Ал эми асмандан келген Кудайдын наны менен тамактанган рухий өмүр, түбөлүк өмүр алат. Ыйса Машаякка ишенген жана Анын бөлүгү болгон Кудай болгон таңсыктыкты жана ички ачкачылыкты тоюндурган өмүрдү алат. Мен муну өз башымдан өткөргөм! Ыйса Машаяк - бул Кудайдын сен үчүн, Ахмед, болгон курманы.

- Мен буга дагы даяр эмесмин, - деп акырын жооп берди Ахмед. - Менин башымда уйгу-туйгу көптөгөн ойлор толтура. Мен сенин Кудайга болгон ишенимиңди таптакыр туура эмес түшүнчү экемин жана азыр жана бирдиктүү Кудайга жана Ал Өзүн Ыйса Машаяк аркылуу алып келгендигин мен кыйынчылык менен түшүнүп жатам. Мен Ыйса Машаякты бардык жүрөгүм менен сүйөөрүмдү сен билесиң, бирок менде өзүнүн жоопторун талап кылган бир нече суроолор бар. Аларга биз эмдиги жолу кайрылабыз деп ойлойм, Хамди.

- Аль-саламо-алейкум.

- Алейкум аль-салам.

# Кудай жана адам

- Мен биздин акыркы сөзүбүз тууралуу такай ойлонуудамын, - деди Ахмед. - Алгач сен Ыйса Мариамдын уулу - адам, андан кийин Кудай Анда Өзү келген дедиң.

- Чындыгында эле Ал ким? Ал Мариамдын уулунан артык болбосо деле, силер Ыйса Машаяктан Кудайдын баласын жасап салган жоксуңарбы?

- Билесиңби, Ахмед, - деп баштады Хамди, - бул суроого жооп - бул жерде да, түбөлүктө да Кудай менен чогуу түбөлүк өмүр менен жашоо. Эгерде биз адамды Кудай кылып таштасак, анда бул кимдир бирөөнү Теңирге теңеп таштаганга барабар болот эле. Бирок Библия Кудай адам болуп келгендиги тууралуу айтат.

Ыйса Машаяк адам болуп төрөлгөндүгү менен бардыгыбыз макулбуз. Пайгамбарчылыктарга жараша Ал Ибрайымдын, Дөөттүн жана Мариамдын уулу болуп эсептелет. Бирок Ыйса Машаяк төрөлгөнгө чейинки бир топ мезгил мурда эле Ал Ыйса Машаяктын өңүндө келе тургандыгы тууралуу айтылган.

- Сен эмне апостолдор жана пайгамбарлар Ыйса Машаякка чейин эле Кудай Өзү Анда ачылаары жөнүндө окутушкан деп айткың барбы? - деди таң калган Ахмед.

- Ыйса Машаяк библиянын негизги темасы болуп эсептелет. Мына ошондуктан Ыйса Машаяк тууралуу чындыкты Кудай мурда эле пайгамбарларга ачып бергендиги таң калычтуу деле эмес! - деди Хамди.

- Ошону мага көрсөтчү, - деп талап кылды Ахмед. - Мен Ыйык Жазуудагы бул тууралуу жазылган жерлерди абдан көргүм келет.

Хамди бир азга ойлонуп туруп, анан айтты:

- Кудай Теңир биздин доорго чейин 700 жыл мурда Михей пайгамбарга Ыйса Машаяк Вифлеем деп аталган шаарда төрөлө тургандыгы жөнүндө ачып бергенде, Ал төрөлө турган төрөлгөндөн мурда эле бар экендигин ачып берген.

*"Жана сен, Вифлеем-Ефрафа, Иуданын миңдеринин ортосунда сен кичинелик кыласыңбы? Израилге Эгедер боло турган Эр сенден чыгат, жана Анын тегинин башталышы түбөлүктүү күндөрдөн болгон."* [1]

Ыйса Машаяк Инжилде жазылгандай Вифлеемде төрөлгөн:

*"Жусуп да Дөөттүн үйүнөн жана уруусунан болгондуктан, Галилеянын Назарет шаарынан, Иудеяга, Вифлеем деп аталган Дөөттүн шаарына жөнөдү. Ал сөйкө салынган колуктусу Мариам менен катталууга келди. Мариамдын боюнда бар эле. Алар ошол жерде турганда, Мариамдын төрөтү келип жетти. Ал өзүнүн тун Уулун төрөдү."* [2]

Дүйнө жарала электе бар болгон Ким, суроо мына ушунда? Ал арсар болгон иудейлер менен аңгемелешип жатканда мындай деп айткан эле:

*"Силердин атаңар Ибрайым менин күнүмдү көрө турган болуп, кубанычтуу болчу: ал көрдү жана кубанып калды. Ошондо*

*Иудейлер Ага айтышты: "Сен элүү жашка чыга элексиң, жана Ибрайымды Сен көрдүңбү?*

*Ыйса аларга айтты: силерге чынын айтайын: Ибрайым болгондон мурун, Мен бар экенмин."* [3]

Ибрайым биздин доорго чейин 2000 жыл мурда жашаганын биз билебиз.

- Анда Ыйса Машаяк Өзү төрөлө элек мезгилден мурда эле бар экендигин айтканбы, - деди Ахмед. - Бирок Кудай Өзүн Ыйса Машаякта ачып берээри тууралуу пайгамбарлардын кайсы жазуусунда бар?

- Ал жөнүндө Библиянын көптөгөн жерлеринде жазылган. - Исаия пайгамбар Мариамдын уулу Ыйса өсүп чонойгон бул кичинекей өлкөдөн Ким чыгаары тууралуу айткан. Ал эң башкы мүнөзү Кудайдын тынчтыгы өкүм сүргөн түбөлүк падышачылыкты түзөт. Ал Дөөттүн Уулу болуу менен бул падышачылыкты түбөлүккө Өзү башкарат. Исаия Аны аташкан ар кандай ысымдар аркылуу Машаяк ким экендигин жазат:

*"Анткени, бизге бөбөк туулду; бизге Уул берилди; үстөмдүк кылуу Анын ийиндерине конуп, Ага берилген ысым: Укмуштуу, Кеңешчи, Кубаттуу Кудай, Түбөлүктүн Атасы, тынчтыктын Төрөсү. Анын үстөмдүгүнүн көбөйтүүсү жана Дөөттүн тагында анын падышалыгында тынчтыгы чексиз болот, ошондон баштап Ал аны адилеттик жана акыйкат аркылуу түбөлүккө бекемдейт жана чыңдайт."* [4]

Кудай бирөөнө берген ысым ал киши ким болуп эсептелээрин белгилей тургандыгын биз билебиз. Ошентип Ахмед, Укмуштуу, Кеңешчи, Кубаттуу Кудай, Түбөлүктүн Атасы, тынчтыктын Төрөсү деп аталган Ким болуп эсептелет?

- Мен Ыйса Машаяктын Ал төрөлө электен мурда пайгамбарлар жазган Ыйса Машаяктын мүнөзүн кандайдыр бир өзгөчөлүктө түшүнө баштадым окшойт, - деди Ахмед. - Бирок Кудай Өзү жараткан бул дүйнөгө чындап эле келеби?

- Иоанн чөмүлдүрүүчү Ыйса Машаяктын замандашы болгон, - деди Хамди. Ал элди Ыйса Машаяктын келишине даярдоо үчүн, алар тобо кылып Аны кабыл алыш үчүн Кудай тарабынан жиберилген. Иоанндан ал ким жана аны Кудай эмне үчүн жибергендиги тууралуу сурашканда, ал жооп катары Исаиядагы 40-бапты айткан:

*"Биябан чөлдө чакыруучунун үнү: Теңирге жол даядагыла, ай-талаада биздин Кудайыбызга түз жол жасагыла. Бардык ойдуң толтурулуп, бардык тоолор жана адырлар төмөндөтүлүп, ийри-муйру түзөтүлүп, өңгүл-дөңгүл жолдор тегизделет. Жана Теңирдин даңкы айкын болуп, ар кандай дене Кудайдын куткаруусун көрөт; анткени муну Теңирдин өзү айткан."* [5]

Исаия жазган окуя улуу падышанын келишин сүрөттөйт. Ага чөл аркылуу жаңы, тасмадай түз жол салыш керек. Бирок бизге келе турган падыша ким, Ахмед?

- Пайгамбардын айтуусу боюнча бул биздин Теңирибиз, биздин Кудай, - деп ойлонучтуу жооп берди Ахмед.

- Эгерде биз Ыйык Жазуунун ушул жерин улантып окусак, - деп улантты Хамди, - бул ачылыш мындан да айкын ачылат. Ал жерде жазылган:

*"... Жакшы кабарчы Иерусалим, үнүңдү катуу чыгарып кабарла! Жар сал коркпо; Иуда шаарларына айт: мына силердин Кудайыңар! Мына, Кудай Теңири күч-кубат менен, Анын каруу-булчуңу бийлик менен келатат. Мына, Анын сый-акысы Өзү менен жана Анын жазасы Анын бет алдында. Кайтаруучу сыяктуу ал Өз үтүрүн кайтарат, козуларын колунан алып, койнуна катат, саай тургандарын жетелеп алат."* [6]

Ал Өзү жөнүндө Өзү айткандай, Ыйса Машаяк бардык ишенүүчүлөр үчүн Кайтаруучу сыяктуу келген:

*"Мен жакшы кайтаруучу экем: жакшы кайтаруучу койлор үчүн өз жанын аябайт."* [7]

- Бирок, Ахмед, пайгамбардын сөзү боюнча Кайтаруучу болуп келе турган ким?

- Ал Теңир Кудайдын Өзү тууралуу айтып жатканын мен мойнума алышым керек, - деди пайгамбардын сөзүнөн терең таасир алган Ахмед.

Хамди андан ары улантты:

- Сен өзүң түшүнгөндөй Ыйса Машаяк тууралуу айтылган бардык пайгамбарлыктар Мариамдын уулу Ыйсада аткарылды.

Ыйса төрөлөөр алдында Гавриил периште Иоанн чөмүлдү -

рүүчүнүн атасы боло турган Захарияга келди. Periште Захарияга эркек уулдуу болоорун, ал уулга өзгөчө милдет жүктөлөөрүн айтты:

*"... (Ал) энесинин ичинде жатканда эле Ыйык Рухка толуп калат. Ошондой эле ал Израил уулдарынын көпчүлүгүн Теңирге, алардын Кудайына келтирет. Илиянын рухунда жана кубатында Теңирдин алдында жүрүп, ал алардын дилин балдарына кайтарат, багынбас мүнөздүүлөрдү адал адамдардын ойлонуу жолуна салып, ошону менен Теңирге даярдалган элди келтирет."* [8]

- Ахмед, Ыйык Инжилге ылайык Иоанн чөмүлдүрүүчү Кимдин астында келди эле?

- Теңир, алардын Кудайы, - деди Ахмед.

- Иоанн чөмүлдүрүүчү жаңы гана төрөлгөндө, - деди Хамди, - Захария өзүнүн жаңы гана жарыкка келген уулу жөнүндө пайгамбарчылык сөзүн айткан:

*"Сен да, балам, Эң Жогоркунун пайгамбары деп аталасың, анткени сен Теңирдин алдына келип Ага жол даярдайсың. Анын элине күнөөлөрүн кечиримин жана куткаруусун билдиресиң. Анткени Кудайыбыздын мээримдүү ырайымы менен Таң Жарыгы бизге жогортон келди."* [9]

- Мына ошентип Ахмед, Иоанн чөмүлдүрүүчү Исаия пайгамбардын, Гавриил периштенин жана өзүнүн бир тууган атасы Захариянын сөздөрү боюнча Теңирдин алдында келээрин, ал эми

анын артындагы Келе жаткан Кудайдын Өзү.

- Ооба, мен муну түшүнүп жатам жана Ыйса Машаяк келгенде анын баары чындыгында эле далилденди деп ойлойм, - деди Ахмед олуттуу.

- Ооба, бардыгы таптак далилденген, - деди Хамди. Кыз Мариам Ыйса Машаякты Дөөттүн шаары Вифлеемде төрөгөндө, Теңирдин периштеси талаада жүргөн бир нече мал кайтаруучуларга мындай деп айткан.

*" ... Коркпогула, мен силерге бардык адамдарды кубанычка бөлөй турган жакшы кабар билдирем: анткени бүгүн Дөөттүн шаарында силерди Куткаруучу туулду, Ал Христос Теңир экен."* [10]

Ыйса Куткаруучу Теңирдин Өзү экендиги Инжилде кайта-кайта далилденет. Маселен, Ал мынадй деп айтат.

*"Мен жана Атам бирбиз."* [11]

- Мен эң башында Мариам уулу Ыйсаны абдан сүйчүмүн жана таазим кылчумун, - деди Ахмед. - Эми мен Куткаруучу чынында эле ким экени, Ал эмне үчүн бул дүйнөгө төрөлгөндүгүн биринчи жолу толугу менен көрө алдым. Ушунун бардыгын мага түшүндүрүү үчүн сен мага убактыңды аябай бөлгөндүгүң үчүн Хамди мен сага ыраазычылыгымды билдерем.

- Ахмед, - деди Хамди чын ыкластан, - Ыйсага ишенүү аркылуу Кудай сага бардык күнөөлөрүңдү кечирип, түбөлүк өмүрдү

тартуулоону каалайт.

Өлүмдү жеңип, өлгөндөрдү тирилткен Ыйса Машаяк мындай деген:

*“Мен Тирилүү жана Өмүр экем; Мага ким ишенсе, ал өлсө да, тирилет; жана ар бир жашаган жана мага ишенген киши түбөлук өлбөйт.”* [12]

- Ахмед, Ыйсага ишенүү аркылуу Кудай сага берип жаткан белекти сен кабыл алгың келеби?

- Ооба, Ал мына азыр менин эшигиме чертип жатканын сезип турам, - деди Ахмед көздөрү жашылдана. - Мен Кудайдын белегин кандайча алсам болот?

- Бул оор деле эмес, - деди Хамди. - Кудайга өзүңдүн сөздөрүң менен сыйын, Ага болгонун болгондой айтып бер, себеби, Кудай баары бир биз жөнүндө бардыгын билет да. Ыйса Машаяк сен үчүн кылган курмандыгы аркылуу Теңирден кечирим ал.Кудай сенин турмушуңа Өзүнүн Руху менен келип, сага Ыйса Машаяктын ишинин улантуучусу, Анын окуучусу болууга керектүү күч берүүсү үчүн сыйын. Бул сыйынууну Ыйсанын ысмынан сыйын. Ал Өзүнүн курмандыгы аркылуу сени менен Кудай Атабыздын ортосундагы далдалчы болду. Мына ушу аркылуу сен Ыйса Машаякты Кудайдын белеги катары кабыл алсаң, сенде чоң керемет болот. Библия сен асмандан төрөлөсүң деп үйрөтөт. Сен Ыйса аркылуу Кудайдан жаңы өмүр жана Кудай менен жекече жаңы байланышты кабыл аласың. Кудай сенин Атаң, ал эми сен Анын баласы болуп каласың. Ыйсаны кабыл алгандар

тууралуу Библияда жазылгандай:

*"Аны кабыл алгандарга, Анын ысымына ишенгендерге, Кудайдын балдары болууга Ал укук берди."* [13]

Алар сыйынууну аяктап жана экөө чогуу Теңирди алкыштагандан кийин Хамди абдан кубанычтуу мындай деди:

- Биздин уй-бүлөгө кош кел! Эми биз Ыйса аркылуу улуу Кудайдын үй-бүлөсүндөгү бир туугандарбыз.

- Менин сага болгон ыраазычылыгым абдан чоң! - деди Ахмед аябай көңүлдүү.

- Ыраазычылыгыңды Кудайга айт жана аны күн сайын айт, - деди Хамди. - Сага окшогон Ыйсанын ишин улантуучулар менен байланыштарды изде. Мына эми сен Ыйса Өзүнүн окуучуларын үйрөткөн сыйынуу менен сыйынсаң болот:

*"Асмандагы Атабыз! Сенин ысмың ыйык болсун. Сенин Падышалыгың келсиң. Сенин эркиң асманда болгон сыяктуу, жерде да болсун. Бүгүнкү күнгө зарыл ырыскыбызды бизге бер. Жана бизге карыз болгондорду биз кечиргендей, Сен да биздин карыздарыбызды кечир, жана бизди азгырууга дуушар кылба. Бирок каардуу душмандан бизди куткар. Анткени Падышалык да, Кудурет да, Атак-данк да түбөлүк Сеники. Оомийин."* [14]

# Тиркеме

## Библиядан алынган цитаталар

### Кудайдын курман Козусу

[1] Рим 6-23

[2] Иоан 1:29

[3] Аян 3:30

### Кудайдын курманы

[1] Тим 2:5-6

[2] Евр 9:22

[3] Ис 53:4-7

[4] Забур 21:15-19

[5] Марк 10:45

### Күнөө

[1] 1-Муса 2:16-17

[2] Рим 5:12

[3] 1-Муса 3:15

### Ибрайымдын Уулу

[1] 1-Муса 12:1-3

[2] 1-Муса 17:19-21

[3] 1-Муса 28:13-14

[4] Ис 11:1-2,4,10

### Кудай бир

[1] Иоан 1:1-4

[2] Иоан 1:14

[3] Лук 1:35

[4] Иоан 6:33,35

### Кудай жана адам

[1] Мих. 5:2

[2] Лук. 2:4-7

[3] Иоан. 8:56-58

[4] Ис 9:6-7

[5] Ис 40:3-5

[6] Ис 40:9-11

[7] Иоан 10:11

[8] Лука 1:15-17

[9] Лука 1:76-78

[10] Лука 2:10-11

[11] Иоан 10:30

[12] Иоан 11:25-26

[13] Иоан 1:12

[14] Матф 6:9-13

# Мазмуну

Ахмед жана Хамди..............................3
Кудайдын Козусу..............................6
Кудайдын Сөзү..............................11
Кудайдын Курманы..............................15
Күнөө..............................21
Ыбрайымдын Уулу..............................27
Кудай бир..............................33
Кудай жана адам..............................40
Тиркеме..............................49